**БАЙЗАКОВА Н.**

nbknu@mail.ru

# 1985-90-ЖЫЛДАРДАГЫ ОЧЕРКТЕРДИН ТЕМАТИКАЛЫК КӨП ТҮРДҮҮЛҮГҮ

Тематика тууралуу илимий – теориялык булактарда жетишээрлик деңгээлде жазылган десек болот. Айталы, белгилүү окумуштуу Е.К.Озмитель бул багытта мындай деген пикирин айтат: «Тема и тематика литературного произведения писателем с точки зрения его идеологического миросозерцания типические характеры в их отношениях с действителнностню, воплощающие в себе социалнно-сущностные особенности конкретно-националнной жизни.

Также, темой (тематикой) романа М.Горнкого «Мать» является воспроизведение становления и развития революционного сознания у передовых представителей русского пролетариата в условиях третьего этапа освободительного движения в России. Темы поэмы А.Твардовского «Василий Теркин» можно определить так: воспроизведение с позиций социалистического реализма типичного характера русского советского солдата в условиях Великой Отечественной войны в его социально-сущностных отношениях к военной действительности»(1.124-125-бет). Ал эми атактуу адабият теоретиги М.Борбугулов бул тууралуу минтип жазат: «Жазуучунун ой-пикирин ээлеген жана аны чыгарма жазууга мажбур кылган турмуштун материалын тема деп айтабыз… А.Токомбаев он алтынчы жылдагы көтөрүлүш темасын ойлогондо көтөрүлүшкө чейинки, көтөрүлүш кезиндеги жана андан кийинки элдин турмушун, «кайгылар баткан өткөн күнүн», б.а. саясий жана социалдык болумуштун кеңири сүрөтүн тартуу ою кошо туулган деп болжолдоого негиз бар.

… Адабияттын тематикалык жактан кеңдиги жана байлыгы, ар түрдүүлүгү жана ар жактуулугу адабияттын өнүп-өскөндүгүн, анын коом турмушунда маанилүү ролн ойногондугун көрсөтөт. Жыйырманчы жана отузунчу жылдардагы кыргыз адабиятын идеялык жактан болобу, тематикалык жактан болобу, эстетикалык диапазонунун кеңдиги жагынан болобу алтымышынчы-токсонунчу жылдардагы адабият менен салыштырууга болбостугу анык»(2. 215-216-217-218-беттер).

Мына ошентип, тематика жактан ар түрдүү жана ар жактуулукка жетишүү «адабияттын өнүп-өскөндүгүн, анын коом турмушунда маанилүү ролн ойногондугун көрсөтөт». Албетте, бул айтылган сөздөр толук түрдө тиешелүү десек жаңылышпайбыз.

Кайра куруу жылдарындагы очерк тематикалык жактан мурдагы он жылдыктардан кандайдыр бир деңгээлде айырмалана алды десек болот, анткени, «сенектик» деп аталган мурдагы он жылдыктарда коммунисттик партиянын көзөмөлү өтө катуу болуп, очеркчилердин тема тандоо мүмкүнчүлүгү да кандайдыр бир деңгээлде чектелгенсип келген эле. Коомдук турмушту демократиялаштыруу, ачык айтуу саясатынан кийин мурдагы чектөөлөр бир аз бошоңдогонсуп, журналисттердин тема тандоо мүмкүнчүлүктөрү бир аз кеңейип, коомдук турмуштун бардык жактарын жүрөксүбөй, ээн-эркин баяндоо мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушту.

Өзүнүн чебер калеми аркылуу оң баага арзыган очерктерди жаратып, бул жанрда «жемиштүү» иштеген авторлордун бири жазуучу Кеңеш Жусупов. Анын «Кан жолдогу ойлор» очерктер жыйнагы жана «Тулпар» китебиндеги «Түштүк элестери», «Волга боюнда», «Армения күндөлүгү» (3) деген очерктери бул жанрды сөздүн чыныгы маанисинде жаңы бийиктикке көтөрдү десек болот. Эгер орус адабиятына үңүлө турган болсок өзүнүн жол очерктери менен көркөм шедеврлерди жаратышкан А.П.Чеховдун «Сахалин аралы», Гончаровдун «Фрегат Паллада», Короленконун «Павловдук очерктер», «Ачарчылык жылы», М.Шагиняндын «Мурманск», Г.Успенскийдин чет жерге жасаган саякатынан улам жаралган жол очерктери азыр да көркөм-эстетикалык баасын жоготпой, өз окурмандарын таап келатат. Ушул өңүттөн караганда жазуучу К.Жусуповдун «Кан

жолдогу ойлор» жол очерки анын башка жанрдагы мыкты чыгармалары менен бир катарда теңтайлаш турат. Эгерде автордун башка повестң, аңгеме, эсселерин эске албастан жол очерктерин гана бетке кармап көрсөк, анда деле К.Жусупов адабиятыбыздагы азыркы ээлеген ордун сөзсүз ээлемек. Демек, анын жол очерктери биринчи кезекте узак өмүр сүрүүчү толук кандуу көркөм адабий чыгарма катары кабыл алынары шексиз. Автор Жапон өлкөсүнө жана Италиянын Рим, Генуя, Милан шаарларына жасаган жол саякатынын таасиринен улам «Кан жолдогу ойлор» очерктер жыйнагын окурмандарына тартуулап олтурат. Жыйнактагы очерктер публицистикалык маанайда жазылып, сырткы көрүнүштөрдү баяндоо менен ар бир көрүнүштүн ички маңызына, анын тарыхына үңүлүп кирүүгө умтулган. Эгерде жазуучу саякатка барып келгенин жөн гана баяндаса, анда сюжети түз сызыктуу өнүгүп, кызыксыз болуп калмак. Автор мында саякатчы катары көргөнүн гана айтпастан, Жапон жана Италия өлкөлөрүнүн тарыхына, маданиятына, адабиятына кызыккан изилдөөчү катары ушул позицияда туруп кеп козгойт. Жыйнактагы очерктердин сюжеттик линиясын жана фабуласын автордук «мендин» кызыктуу баяндоосу түзүп турат. Негизги карман да автордун өзү. Жазуучунун лексикалык арсеналы бай, калеми ойдогудай эркин шилтенет. «Япония элестери» очеркинде К.Жусупов чет жерге жасаган жол саякатынын көзгө урунттуу, эсте калаарлык таасирлерин поэтикалуу мүнөздө баяндайт. Чыгармада Фудзияма тоосунун көрүнүшү, ал тоону сүрөткө түшүргөн жапон сүрөтчүсү Хонусайдын (1760-1849) аянычтуу тагдыры, улуттук сыймыкка айланган Гиндза көчөсүнүн ашкере сулуулугу, ар дайым жүзүн жылмаюу чалган бүтүк көз жапондордун меймандостугу, Токио калаасынын кымгуут түшкөн турмушу, кыйма-чийме көп кабаттуу жолдору, тиктесең тебетейиң түшкөн имараттардын өлчөмсүз бийиктиги, деги эле колчатыр, сыналгы, компңютердин мекени болгон күнчыгыш өлкөсүнүн тарыхый-маданий ал-абалы түркүн ракурста чагылдырылган. Автор саякатчы катары чоочун жердин жакшы жактарын таанып билүүчүлүк гана функциясын аткарбастан, кээ бир маслелердин да учугун чубайт. Айталы, автор аялдар турмушун, алардын теңсиздигин тереңирээк чагылдыруу максатында өткөн кылымдагы алардын көргөн кордугу менен өзү күбө болгон ресторан, мейманкана ж.б. коомдук жайларда жарты тенге үчүн буту-бутуна тийбей дикилдеп чуркап жүргөн жаш кыздардын аянычтуу көрүнүштөрүн баяндап бере алган. Муну менен эле жазуучуну жапон аялдарынын татаал маселелерин ар тараптан ачып берди деп айтсак осолдук болор. Анткени, автор бар болгону сырткы таасирлерден, сырткы факторлордон гана бүтүм жасаган.

«Микаленджело мекенинде» деген очеркинде К.Жусупов ретраспекциянын элементтерине таянып ашкан периште Афродитанын тарыхын, Рим шаарынын жаралуу таржымалын, улуу скулңптор, архитектор жана таланттуу сүрөтчү Микаленджелонун өмүр-чыгармачылыгын, аткарган иштерин, Италия өлкөсүнө байланышкан тарыхый окуяларды, уламыштарды, өзү көргөн ар бир фактыны деталң менен терең жуурулуштура синтездештирген. Бул очерктерди жазууда автор эки өлкөнүн тең тарыхы, маданияты, искусствосу жана экономикасы менен жакындан таанышкандыгы көрүнүп турат. Ал эми очерктердин адабий тили тууралуу кеп козгосок, анда чыгарма лирикалык тондо жазылгандыгы баамга урунат. Бул очерктерде автордун эмоциялык жеке туюму, көз карашы, ой-толгоолору, сезим учкундары сүрөттөп жаткан предметтин поэтикалык ачылышына зор өбөлгө түзгөн. Очерк жанрыбызда эркин баяндоо принциби, элпек тил менен жазуу, калыпка салынган системанын алкагынан чыгуу толук мүмкүн экенин К.Жусуповдун ушул очерктери тастыктап турат. Ошентип, К.Жусуповдун жол очерктери көркөмдүүлүгү жагынан мыкты повестң, романдардан кем калбаган чыгарма болуп калды.

Кайра куруу жылдарында ошондогу ортозаар агымдан озуп чыгып, окурмандардын көңүлүн өзүнө бура алган очерктердин бири Абдиламит Матисаковдун «Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй» аттуу портреттик очерки (4). Чыгармада таланттуу киноактер Сүймөнкул Чокморовдун чыгармачыл ишмердүүлүгү, актерлук, сүрөтчүлүк таланттарынын «жемиши» тууралуу кеп болбостон, анын пенделик жашоосундагы

турмуштук жагдайларга көңүл бурулган. Башкача айтканда, С.Чокморов очеркте атактуу артист катары эмес, жөнөкөй адам катары көркөм иликтөөнүн процессинен өткөзүлөт. Автор окуянын активдүү катышуучусу катары башкы каарманы менен баарлашып, керектүү жерде баяндоо ыкмасын колдонуп, лирикалык чегинүүгө жол берип, жеке чабыттар менен чыгарманын көркөмдүк-эстетикалык табитин арттырып турат. Очеркте кадимки эле көртиричилик көрүнүштөрү менен адеп-ахлактык, нравалык көйгөйлүү маселелер С.Чокморовдун ой-элегинен кандайча өтүп жатканын жазуучу ийгиликтүү ачып берген. Баш каармандын айкөл мүнөзү, эрк-кайраты автор баяндаган кызыктуу эпизоддордо «адрестүү» фактылардын чечмеленишинде ачылган.

Башкы каармандын психологиясын, жан дүйнөсүн көрсөтүүдө А.Матисаков анын коомдо аткарган өндүрүштүк функциясын гана эмес, үй-бүлөлүк тар чөйрөдөгү мамилелерине, жеке турмуштук жагдайларына кайрылган. Мына ушул позициядан туруп, С.Чокморовду көркөм изилдөө, анын накта пенделик жүзүн окурмандарга ачып берүү бир топ ийгиликтүү чыкканы кадиксиз. Көрсө, очерктеги көркөм изилдөө турмуштагы көрүнүштү фото-сүрөткө түшүрүү, ийгиликтерди саноо менен эмес, тескерисинче, кейипкердин күндөлүк жашоосундагы көнүмүш жактарын ачуу менен бир топ эффективдүү ишке ашары белгилүү тура.

Ушуну менен биз кайра куруу жылдарындагы кыргыз очерки төгөрөгү төп келишип турган деген ойдон алыспыз. Тематикалык бир багытты көздөгөн «Эмгек сыйынын ээлери» (5) деп аталган жыйнакка ар кыл авторлордун айыл-чарба тармагында эмгектенген адамдардын күжүрмөн эмгегин баяндаган очерктери топтолгон. Тилекке каршы аны очерк жанры деп атоо бир топ кыйынга турат. Кээ бир авторлордун очерк деп атоого ооз барбаган чыгарма сымалдары да жыйнакка кирип кеткен. Айталы, бул жыйнактагы Ж.Келешбаевдин «Кут орногон турмушта», Б.Боромбаевдин «Сыйлык ээси Сырмамбет», Р.Масыракуновдун «Турмуш туткасы» деген очерктери, «Октябрдын ишин улантып» (6) деген очерктер жыйнагындагы А.Көчөрбаевдин «Кайраттын канатындагы бакыт», М.Өмүрзаковдун «Коммунисттин өрнөгү» деген очерктери жанр талабына түздөн-түз жооп бере албаган, идеялык-көркөмдүк наркы төмөн, эстетикалык жугуму жок экендигин ачык эле айтууга милдеттүүбүз.

Жыйынтыктап айтканда, кайра куруу жылдарындагы кыргыз очерки тематикалык жактан бай, көп түрдүү, көп түстүү болгону менен маанилик жактан, проблеманы тереңден ачып берүү жагынан дале болсо изденүүнү талап кылып турганы байкалат.

**Адабияттар:**


1. Озмитель Е.К. Теория литературы. –Фрунзе: Мектеп, 1986. –С. 124-125
2. Борбугулов М. Адабият теориясы: Окуу китеби. –Бишкек, 1996. -215-216-217-218-беттер
3. Жусупов К. Тулпар: Повесттер, аңгемелер, очерктер. –Фрунзе: Кыргызстан, 1988.
4. Матисаков А. Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй. – Фрунзе: Кыргызстан, 1989.
5. Жыйнак. Эмгек сыйынын ээлери /Түзгөн Ж.Алыкулов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1989.
6. Жыйнак. Октябрдын ишин улантып /Түзгөн Ш.Абдылдаев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1988.